**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КУСЕИН КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.25.667 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

**Кол жазма укугунда**
***УДК: 821.512.122(575.2)(043.3)***

**Кожабаева Динара Абылай кызы**

# Казак адабиятында Желтоксан окуясынын көркөм сүрөттөлүшү

10.01.03 – чет элдер адабияты (казак адабияты)

филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2025**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун «Кыргыз адабияты» бөлүмүндө аткарылды

**Илимий жетекчи**: **Оморов Бауржан Жумаханулы**
филология илимдеринин доктору, профессор**,**
Казакстан Республикасынын Президентинин кеңешчиси, академик

**Расмий оппоненттер:** **Соронкулов Гүлжигит Умарович**
Филология илимдеринин доктору, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин орус жана славян филологиясы факультетинин орус жана чет элдер адабиятынын теориясы жана тарыхы кафедрасынын профессору
**Галимова Амина Рифкатовна**
филология илимдеринин кандидаты, Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия славян университетинин Гуманитардык факультетинин адабияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү уюм:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы (720026, Киргиз Рспубликасы, Бишкек ш., Разданов көч., 5/а)

Диссертация 2025-жылдын 26-мартында саат 13.00 до Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.23.667 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547). Диссертацияны коргоо боюнча видеоконференцияга кирүү шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/102-pms-mzx-ajn

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265а), Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547), К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканаларынан (722044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспекти, 27) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын электрондук порталынан төмөнкү https://stepen.vak.kg/d_10_23_667/**kozhabaeva-dinara-abylajkyzy/** шилтеме боюнча таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 25-февралында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н.Т.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Тарыхта коомдук кырдаалдардын жаңы багытын пайда кылган урунттуу окуялар дайыма адабиятта өз изин калтырат. Ушундай көрүнүктүү окуялардын бири – 1986-жылдын 16-17-18-декабрында Казакстандын борбору Алматы шаарында болгон Желтоксан көтөрүлүшү болуп саналат. Аталган Желтоксан окуясы – казак элинин узак жыл бою топтолгон арманы, ичте кайнаган мүдөөсү, жүрөгүндө каткан ызасы, улуттук рухтун күчү.

Бул окуя Советтер Союзунун тушунда тоталитардык, административдик жана бийлик системасына каршы көтөрүлүш болгон. Улуттук деңгээлден чыгып, эл аралык деңгээлге көтөрүлгөн толкун Совет бийлигинин кулашына таасирин тийгизди деп бейрасмий айтылганы менен, расмий түрдө саясий баа бериле элек.

Желтоксан окуясы баяндалган ар кыл адабий жанрдагы чыгармаларды талдоо жана алардын образдык системасын, көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн айырмалоо аркылуу турмуш чындыгы менен искусство чындыгынын ар кандай байланыштарын аныктоого болот. Жалпы темада окшош, тармакталган көркөм каражаттар системасын түзүү - адабият таануу илиминин эң орчундуу маселелеринин бири. Мындай орчундуу окуялардын тегерегинде жазылган чыгармаларды изилдөө аркылуу прототип менен образдын, предметтик жана репрезентативдик компоненттердин ортосундагы үзгүлтүксүздүктү жана көркөм байланыштын түрлөрүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгү ачылат.

Адабияттын бардык жанрларында мыкты чыгармалар жазылганына карабастан, аталган темага байланыштуу илимий эмгектердин бири да көркөм дүйнөлөр боюнча толук кандуу изилдөө жүргүзүлө элек. Тактап айтканда, Желтоксан окуяларына арналган роман-повесттер жана романдар сыяктуу прозалык чыгармалар, поэзиялык, драмалык чыгармалар бүгүнкү күнгө чейин илимий жактан системалаштырылган жана анализделген эмес. Мына ушул маселелердин бардыгы изилдөө темасынын **актуалдуулугун** аныктайт.

**Изилдөөнүн максаты менен милдеттери.** 1986-жылдагы Желтоксан окуясына арналган адабий-көркөм чыгармаларды топтоп, алардын жанрдык, көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн баамдоо, акын-жазуучулардын турмуш чындыгын көркөм чыгармага айландырудагы чыгармачылык изденүүлөрүн ажыратып талдап-изилдөө диссертациялык иштин максатын түзөт.

Көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы поэтикалык чыгармалардын изилденишине сереп жасоо;
2. Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы прозалык чыгармалардын изилденишине сереп жасоо;
3. Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы драмалык чыгармалардын изилденишине сереп жасоо;
4. Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы чыгармаларды изилдөөнүн методологиясын жана усулдарын аныктоо;

5. Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы чыгармаларды изилдөөнүн объектисин жана предметин аныктоо;

6. Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы чыгармаларды изилдөөнүн материалдарын сыпаттоо;

7. Желтоксанчы акындардын чыгармачылыгындагы күрөшкерлик духту ачып көрсөтүү;

8. Казак прозасында Желтоксан көтөрүлүшүнүн көркөм сүрөттөлүшүн ачып көрсөтүү;

9.Драмалык чыгармалардагы күрөштүн улуттук жана социалдык мүнөзүн ачып көрсөтүү;

**Иштин илимий жаңылыгы.** Желтоксан окуясы тууралуу жазылган көркөм чыгармалар азыркы мезгилде толук изилденип, системага салына элек. Диссертациялык иште азыркы эгемендүү казак элинин тарыхый шарты 1986-жылдагы Желтоксан көтөрүлүшүнүн адабияттагы көркөм чагылдырылышы, анын таанымдык мааниси, аны чагылдыруунун салттуу улануусу, жанрдык өзгөчөлүктөрүнө таандык көркөмдүк ыкмалары, улуттук аң-сезимди ойготуудагы маңызы илимий изилдөө талаптарынын негизинде алгач ирет системалаштырылып, иликтөөгө алынып жатат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Желтоксан темасына арналган проза, лирика, драма жанрларындагы чыгармаларды байланышта талдоого алуу казак адабиятынын тарыхы үчүн маңыздуу;

2.Желтоксан темасындагы казак калемгерлеринин бардык чыгармаларына орток көркөмдүк түзүлүштүн эң башкысы – тема, идея, проблематика жана пафос;

3. Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы чыгармаларда кылымдар бою созулган колониализм, шовинисттик саясаттын улут өкүлдөрүнүн билимине, тарбиясына, психологиясына тийгизген таасири кеңири чагылдырылган.

4. Көркөм адабият – жеке адамдын гана эмес, коомдун, бүткүл адамзаттын таанып-билүүсүнүн жана өзгөрүшүнүн көрсөткүчү. Желтоксан көтөрүлүшүн изилдөөдө, чыгармалардын түрдүү аспектилерин талдоо үчүн универсалдуу стратегияны сунуш кылган аксиологиялык ыкма башкы орунда турат.

5. Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы чыгармаларды изилдөөнүн объектиси катары 1986-2024-жылдар аралыгында Желтоксан темасында жазылган лирикалык ырлар, поэмалар, аңгемелер, повесттер, романдар, драмалык чыгармалар алынса, предметин Желтоксан жөнүндө жазылган чыгармалардын жалпы мазмуну жана формалык өзгөчөлүктөрү, конфликт, сюжеттик-композициялык өзгөчөлүктөрү түзөт.

6. Желтоксан тарыхый окуясына байланыштуу жазылган илимий эмгектерге толук изилдөө жүргүзүлө элек жана Желтоксан окуясынын фактыларына таянган аңгеме, повесттер менен роман жана драмалык чыгармалар системага салып, талдоого алуу зарыл .

7. Желтоксанчы акындардын чыгармалары - 1986-жылдагы Желтоксан көтөрүлүшүнүн көркөм санжырасы. Желтоксан көтөрүлүшүн баяндаган лирикалык чыгармаларда казак элинин кылымдар бою күрөшкерлик рухун

айкындаган ырдык жана акындык поэзиядагы көркөмдүк ыкмалар көбүрөөк колдонулган.

8. Казак прозасында Желтоксан көтөрүлүшү көркөм сүрөттөлүп, прозалык чыгармаларда бир гана реалисттик метод эмес, ошондой эле модернисттик жана постмодернисттик методдордун элементтери да колдонулган;

9. Драмалык чыгармаларда күрөштүн улуттук жана социалдык мүнөзү ачылып, башкы конфликт улуттук жана коомдук сыпатта көрүнүп, тоталитардык системадагы улуттар арасындагы кагылыш алдыңкы орунга чыгат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертант изилдөөнүн жүрүшүндө саясий багыттагы Желтоксанчы уюмдар менен байланышып, көпчүлүккө белгисиз болгон кээ бир Желтоксанчы акындарды белгилеп, алардын чыгармаларын талдап, илимий айланымга киргизди; билим алуучуларга патриоттук тарбия берүүдө аталган тема боюнча чыгармалардын алган ордун аныктады; башка өлкөлөрдө аталган темада иликтөө жүргүзгөн изилдөөчүлөрменен байланышып жаңы илимий табылгаларды көрсөтө алды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробацияланышы жана жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги жоболору жана андан алынган натыйжалар боюнча республикалык, эл аралык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалды. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары РИНЦ системасына кирген журналдарда 11 макала турунда жарык көрдү.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациялык иштин көлөмү 174 бетти түзөт.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманы тандоонун себеби жана анын актуалдуугугу, теманын изилдениш деңгээли, максат, милдеттери аныкталып, жаңычылдыгы, практикалык мааниси көрсөтүлдү. Ошондой эле коргоого алып чыга турган негизги жоболор ортого салынып, диссертациянын материалдарынын апробациясы жөнүндө маалымат берилип, изденүүчүнүн жеке салымы жана анын натыйжалары аныкталды.

Диссертациянын биринчи бабы «**Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы чыгармаларды изилдөөнүн теориялык-методологиялык аспектилери**» деп аталып, Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы поэтикалык чыгармалардын изилденүү абалы, Желтоксон көтөрүлүшү темасындагы прозалык чыгармалардын изилденүү абалы, Желтоксон көтөрүлүшү темасындагы драмалык чыгармалардын изилденүү абалы талдоого алынат.

Биринчи баптын биринчи бөлүмү «**Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы поэтикалык чыгармалардын изилденүү абалы**» деп аталат.

Казак адабият таануу илиминде Желтоксан темасында жазылган чыгармаларды өзүнчө талдаган илимий макалалар, монографиялар, изилдөөлөр бар.

Желтоксан темасын чагылдырган айрым поэзиялык чыгармалардын бир катар окумуштуулардын көңүлүн бурганын жогоруда айттык. Ошондой окумуштуулардын бири – **Бакытжан Майтанов**. Анын «Эгемендүүлүк – күрөштүн максаты” аттуу илимий эмгеги төрт бөлүктөн турат. Алгачкы бөлүмү толугу менен М. Ауэзовго арналса, экинчи бөлүм «Автор жана көркөм текст кубулуштары» деп аталып, прозанын теориясы системага салынса, үчүнчү бөлүм «Көркөмдүк-эстетикалык изденүүлөр» деп аталып, анда окумуштуунун азыркы казак поэзиясы тууралуу изилдөөлөрү топтоштурулган.

Окумуштуу «Азыркы казак поэзиясы жана эгемендүүлүк: мезгил жана мейкиндик» аттуу изилдөөсүндө эгемендик доорундагы улуттук поэзияны «тарыхый мезгил жана аны кабыл алуу», «улуттук максат жана поэтикалык хронотоп», «лиризм, драматизм жана хронотоп» сыяктуу маселелерге байланыштырып изилдеген. Б. Майтанов бул эмгекке чейин эле казак адабиятынын теориясын изилдөөчү катары таанылган.

Б. Майтанов бир катар акындын чыгармачылыгына токтолуп, андагы эгемендүүлүк рухунун берилишин, анын ичинде Желтоксан темасынын чагылдырылышын изилдейт. Желтоксанчы акындар А. Кайран, А. Смайыловдун ж.б. ларын талдоо аркылуу казак поэзиясындагы постмодернизм стилинин өнүгүү процессин көрсөтөт. [Майтанов Б. Тәуелсіздік – күрес мұраты: Зерттеулер мен мақалалар (60 жылдық мерейтойына арналған). – Алматы: «Құс жолы». 2012. – 490 б.]

Акын-илимпоз **Адылгазы Кайырбековдун** «Эгемендүүлүк жана казак поэзиясы» аттуу изилдөөсүндө казак поэзиясындагы азаттык, эгемендүүлүктүн таасирлери, элибиз эгемендик алгандан кийинки он жылдыктагы казак ырындагы идеялык-көркөмдүк изденүүлөр, тематикалык-таанымдык арноолор, проблемалар алгач ирет изилденип, илимий айлампага киргизилген. Автор көз карандысыздыктын алгачкы он жылындагы (1991-2001 жж.) казак поэзиясындагы көркөмдүк изденүүлөрдү системага салып, ошол кезде жарык көргөн ыр жыйнактарындагы ырларды көркөмдүк жактан талдоого алган. Эгемендик идеясынын байыркы доорлордон баштап, азыркыга чейин казак ырынын өзөктүү желеси болгону илимий жактан далилденген, салыштырма жана тарыхый талдоолор жасалган [Қайырбеков Ә. Тәуелсіздік және қазақ поэзиясы: Зерттеу кітабы. – Алматы: «TST COMPANY», 216-бет].

**Амантай Шариптин** «Казак поэзиясы жана улуттук идея» аттуу монографиясы – казак адабият таануу илиминдеги маанилүү эмгектердин бири. Казак поэзиясында улуттук идеянын көркөм сүрөттөлүшүнүн генезиси, эволюциясы жана транформациясы маселелерин ар тараптуу иликтеген бул эмгек төрт бөлүмдөн турат. Алгачкы бөлүмдө Ата Мекен идеясынын ыр искусствосунда сүрөттөлүү салты жана анын жаңыланышы талдоого алынса,

экинчи бөлүмдө колониалдык доордогу адабияттагы элдүүлүктү сактоо идеясынын башы ачылат.

Кылымдар тогошундагы идеялык тенденциялар менен улуттук поэзиянын карым-катышы эмгектин үчүнчү бөлүмүндө анализденип, акыркы – төртүнчү бөлүмдө улуттук дүйнө таанын менен поэтикалык тажрыйбанын маселелери талданган. Китепте улуттук идеяны тарыхый категория катары караган [Шәріп А. Қазақ поэзиясы және ұлттық идея.- Алматы: Білім. 2000 – 336 бет].

**Айымгул Сейпутанова** «Азыркы казак поэзиясындагы стилдик өзгөчөлүктөр» аттуу монографиясында поэзиянын стилдик өнүгүүсүн изилдөөгө алган. Аталган эмгегинде адабият таануу илиминин негизги маселелеринин бири – азыркы казак поэзиясындагы стилдик изденүүлөр, акындардын сөз куруу өзгөчөлүктөрү талдоого алынган. XX кылымдын соңунда ыр дүйнөсүнө өзүнүнүнү менен келип, казак поэзиясын көркөмдүк-бейнелик жактан байыткан акындардын чыгармачылыгы жана кылымдар тогоошуусундагы муун өкүлдөрүнүн изденүүлөрү, жаңылыктары, ошондой эле алардын изин улантып, эгемен эл адабиятындагы поэзия жанрын өнүктүрүп келе жаткан жаш муундун кадамдары, стилдик өзгөчөлүктөрү илимий негизде изилденди [Сейпутанова А. «Қазіргі қазақ поэзиясындағы стильдік ерекшеліктер»: монография. – Өскемен: С. Аманжолов атындағы ШҚУ «Берел» баспасы, 2022. – 139 б.]

Казак адабиятындагы Желтоксан темасын ар тараптуу, туруктуу турдө изилдеп келе жаткан окумуштуулардын дагы бири – **Гүлжахан Орда**. Анын «Сөз сыры» аттуу илимий изилдөө эмгегинде автордун соңку жылдары жазган изилдөөлөрү жана макалалары топтоштурулган. Совет доорундагы адабиятка бүгүнкү күн менен караган окумуштуу, 1920-1990 ж.ж. аралыгында казак адабиятындагы боштондук, азаттык идеясын илимий жактан изилдөөгө алган. Казак романы жана поэмасы тууралуу изилдөөлөрдүн негизинде эпикалык жанрдын өткөнү менен бүгүнкүсү талданат. Экинчи бөлүмдө адабият таануучу окумуштуулар тууралуу макалалар топтоштурулган.

«1990-жылдар поэмасындагы эгемендик идеясы» деген бөлүмүндө: «Бул учурда XX кылымдын соңку чейрегинде урунттуу окуя болгон 1986- жылкы Желтоксан окуясы көркөм чындыкка айланды. А. Егеубаевдин «Желтоксан», З. Сүлеймен кызынын «Желтоксан ызгаары», Н.Айты уулунун «Мукагали – Желтоксан» аттуу поэмалары кандуу окуяга жан киргизди» деп үч поэманы атап өтөт [Орда Г.Ж. Сөз сыры: Зерттеулер мен мақалалар. – Қарағанды: Экожан, 2013. – 391 б.].

Түркиялык окумуштуу **Орхан Сөйлемездин** редакторлугу менен чыккан «Түрк дүйнөсүндөгү көтөрүлүштөр жана окуялар: адабиятта орун алган эркиндик руху» аттуу китебинде Желтоксан темасында жазылган поэзиялык чыгармаларга токтолгон [Türk Dünyasında İsyan ve Başkaldırı Edebiyata Yansıyan Özgür Ruh Editörler Orhan Söylemez Samet Azap. İstanbul, 2021].

**Маржан Есжанова** «Казак адабиятындагы Желтоксан көтөрүлүшүнүү орду» деген темадагы магистрлик диссертациясында поэзия жанрында Желтоксан окуясынын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү, Желтоксанчы акындар

чыгармачылыгы, Желтоксан окуясын баяндаган поэзиялык чыгармалардагы көркөмдүк жаңылыктары талдоого алынган. Изилдөөчү жарандык лириканы мезгили, коомдук маселелерди козгогон поэзиянын чоң бир тармагы катарында карайт.

Жарандык лирикада өмүр жөнүндө, элдин тагдыры жөнунда ой-толгоолор акындын өзүнүн маанайы менен терең байланышып, өзүнүн жашоого катышын сүрөттөө аркылуу көрүнөт, «Адамдын белгилүү бир доорго байланыштуу ой-арманын, максатын ырга салат, жалпы коомдук маселелерди козгойт. Ошондуктан жарандык лириканы кээде саясий-социалдык лирикага кошот. Социалдык тема, саясий мотивдер, албетте, лириканын бардык түрүндө кездешет. Эл камын, анын коомдук абалын чыгармасына киргизген ар бир акындын лирикасында жарандык мотив басымдуулук кылат. Теманы көтөрүү аркылуу акын замандын сырын ачат, өзгөчө, анын каршылыктары менен кемчиликтерин көрсөтөт, алдыга, келечекке жол салгандай ойду козгойт. Орус адабиятында жарандык лирика үлгүлөрүн декабрист-акындардын поэзиясынан көрөбүз» деген пикирин айтат [Есжанова М. Б. «Желтоқсан оқиғасының қазақ әдебиетіндегі көрінісі». Магистрлік диссертация. Әуезов атындағы Оңтүстік Қазақстан мемлекеттік университеті. – Шымкент, 2013].

**Жанат Аймухамбеттин** «Желтоксан көтөрүлүшүнүн чындыгынын поэзияда сүрөттөлүшү» аттуу макаласында советтик империянын кыйроосуна таасир эткен тарыхтагы маңыздуу бул окуя Казакстан эгемендик алгандан кийин гана туура баасын алганын, ага чейин жымсалданган чындык менен ички пикир жандуу жана активдүү жанр – поэзияда чагылдырылганын айтат. Кылымдар бою уланып келе жаткан азаттық идеясын туу туткан ал ырлар образдуу сөз, көмүскө ой менен тоталитардык системага карата наразылык билдиргенин С. Нуржановдун, Е. Раушановдун, У. Есдаулеттин ырларын мисалга келтирип, далилдейт [Аймұхамбет Ж. Желтоқсан көтерілісі шындығының поэзияда сурттелуі. Мақала https://adebiportal.kz/].

Жогоруда аталган окумуштуулар поэзиядагы Желтоксан темасын көркөмдүк деңгээл жана азаттык руху жагынан талдаса, Аймухамбет Жанат «Сөз өнөрүндөгү текст менен чыгарма мейкиндиги» аттуу монографиясында ал ырларды мифопоэтика өңүтүнөн иликтейт. Негизги темасы текст, чыгарма маселеси, мифологизм, мифопоэтика тууралуу илимий талдоолор менен жыйынтыктар өзөгүн түзгөн изилдөө эмгегинин «Азаттык жолундагы күрөш чындыгынын чагылдырылышы» деген бөлүмү казак тарыхындагы эгемендик жолундагы бурулуштун бири – кечееги советтик империяга наразычылык билдирген Желтоксан көтөрүлүшүнө арналган ырларды талдайт, [Аймұхамбет Ж. Сөз өнеріндегі мәтін мен шығарма кеңістігі: Монография./ Жанат Аймұхамет. \ Алматы: ЖШС РПБК «Дәуір», 2023. – 384 б.].

Белгилүү окумуштуу **Шериаздан Елеукенов** казак поэзиясындагы азаттык темасын эки доорду салыштыруу менен талдайт. «Лирикадагы башкы каарман – акындын өзү. Ал эми советтик поэзиянын лирикалык каарманы «эркинбиз, боштондуктабыз» деп кубанып айткан эмес. Бирок ошол кубанычытын мааниси толук ачылбай калган. Анын себеби, *коомдук*

*боштондук* менен *улуттук боштондук* түшүнүктөрүнүн ортосунда чоң айырма бар... Пролетардык диктатуранын аягы тоталитаризмге жалгашты. Кызыл империянын колониалдык ызгаары улуттар теңдигин басмырлады. Бүгүнкү лирикалык каарман «эркинмин, боштондуктамын» десе, анын жөнү бар» деген акындар Желтоксан көтөрүлүшүнүн мезгилиндеги жаштардын аракетин, окуяны таасирдүү сүрөттөгөн деген ишенимде, себеби ал ырларды талдаганда кызыл империя аталган алптын жакасына жармашкан көзсүз эрдик улут рухун күндөй күркүрөткөндөй сезимде болгонун айтат [Елеукенов Ш. Қазақ әдебиеті тәуелсіздік кезеңінде. – Алматы: «Алатау», 2006. – 352 б.].

Жыйынтыктап айтканда, башка жанрлар сыяктуу лириканын да өз мыйзам ченемдүүлүктөрү бар. Көркөм адабияттын субъективдүү теги болсо да, жан дүйнөсүндөгү кубулушту, сезимдер кагылышын сүрөттөөдө жекеден ортокко, жалкыдан жалпыга умутулат. Желтоксандын жандуу картинасын түзгөндөрдүн катарында да ошол умтулуу байкалат. Жогоруда аталган изилдөөлөрдө акындардын ырларына талдоо жасоо аркылуу азыркы поэзиядагы көркөмдүк изденүүлөрдү аныкталды.

Биринчи баптын «**Желтоксон көтөрүлүшү темасындагы прозалык чыгармалардын изилденүү абалы**» деген экинчи бөлүмүндө сөз кудуретин пайдаланып тарыхый чындыкты көркөм чындыкка айландыруудагы жазуучулардын чеберчилигин, чыгармаларынын көркөмдүк дэңгээлин адабий жактан баалаган сын пикирлери талдоого алынат.

Адабият институту чыгарган «XXI кылымдагы казак адабияты (2001-2011)» жамааттык монографиясында XXI кылымдагы казак адабиятынын өнүгүү процесстери, стилдик-жанрдык жактан калыптануу жолдору каралган. Авторлор жаңы доордогу коомдук жагдайларда пайда болгон көркөм кубулуштарды байкап, улуттук адабияттын башталышына жол ачышкан. Ошону менен бирге 2000-жылдары улуттук адабий процесске белсене киришкен, өзүнүн стили менен, өзгөчө калемгерлик изденүүлөрү менен казак сөз өнөрүнүн өнүгүшүнө чоң салым кошкон акын-жазуучулардын чыгармачылык портреттери берилген.

1986-2001-жылдары Желтоксан темасында жазылган, басылган көркөм чыгармалардын санынын аз болушу, экинчиден жарык көргөн чыгармалардын окумуштуулар тарабынан талданышы жетишсиз болуп жаткандыгында болсо керек. Аталган эмгекте Желтоксан жөнүндөгү чыгармалардан бир гана «Өмүрзая» романы тууралуу пикирлерди гана кездештиребиз.

Ал эми 2001-2011-жылдардагы казак адабиятын изилдегенде, аталган тема кеңири каралганы байкалат. Ошентсе да аны толук изилденди деп айта албайбыз. Желтоксан темасындагы чыгармалардын сюжеттик-компзициялык өзгөчөлүгүн, көркөмдүк-тарыхый жактан изилденишин аныктоо максатындагы бул бөлүм жалпы 48 беттен турат. Бирок адабияттын бардык жанрындагы Желтоксан темасында жазылган чыгармалардын бир канчасын камтып, топтоштурган алгачкы эмгек катарында тарыхый жактан маңыздуу болуп саналат.

Илимий эмгекте ошол доордун поэзиялык, прозалык, драмалык чыгармалары өзүнчө бөлүнүп, калемгерлердин чыгармачылыгын изилдеген портреттик бөлүмдөр берилген.

Ошону менен бирге 2011-жылы Желтоксан көтөрүлүшүнө жыйырма беш жыл болгондугун эскерип «Эгемендик жылдардагы адабиятындагы Желтоксан темасы» деген атайын бөлүм жазылган. Ал бөлүмдү жазгандар: Б. Майтанов, Н. Акыш, Г. Орда, А. Калиева, Е. Каныкей. Аталган бөлүмдө бир топ акындардын жалындуу ырлары, Т. Саукетаевдин, Н. Куантай уулунун, А. Ыбырайм уулунун романдары, М. Иңирбаевдин трилогиясы, Н. Ораздын, Ө. Ахметтин повесттери, А. Алтайдын эки аңгемеси жана алты драмалык чыгарма талданата. Атап айтсак, прозалык чыгармалардын поэзиялык чыгармалардан аз экендигине, ал чыгармалардын авторлору ошол кездеги студенттер бүгүнкү орто муундагы жазуучулар экендигине назар бурдурат. А. Алтайдын Желтоксан окуясынын айынан ошол мезгилдеги казак жаштарынын жашоосунан алынып жазылган «Сибирь офицери» жана «Прописка» деген эки аңгемеси тууралуу өзгөчө сөз болот. Бул аңгемелерде кээ бир саясий маселелер каармандардын психологиялык аракеттери менен чырмалышып, ачуу монодиалогдор аркылуу сүрөттөлгөнү айтылат [XXI ғасырдағы қазақ әдебиеті (2001-2011). М. Әуезов атындағы Әдебиет және өнер институты. Ұжымдық монография. – Алматы: «Арда», 2011. – 640 б.].

**Гаухар Балтабаеванын** «Эгемендик мезгилиндеги казак аңгемелери» аттуу монографиясында казак эли эгемендик алгандан берки мезгилде жарык көргөн аңгемелерге талдоо жасоо аркылуу прозанын көркөмдүк мазмунун чечмелеген. Азыркы казак аңгемелеринин антропологиялык, виртуалдык жана мистикалык, орнаметалдык өзгөчөлүктөрүнүн адабияттан алган ордуна, алардын сыпатына алгачкы жолу теориялык талдоо жасалган. Эгемендик мезгилдеги казак аңгемесиндеги улуттук идеянын, мотивдин көркөмдүк кызматы чечмеленип, өмүр менен өлүм концептилери поэтикалык тексттин чегинде караштырылган.

Г. Балтабаева азыркы казак прозасындагы коомдук символика, көркөм антропология, фантастикалык антропология, жаңы көркөм өрнөктөр менен боёктор (орнаментализм), виртуалдуулук, мистика маселелерин изилдеп, заманбап проза үлгүлөрүнүн катарында Желтоксан темасындагы аңгемелерди талдоого алат. Т. Саукетаевдин «Ай караңгысы», Н. Куантай уулунун «Караөзөк» романдары, А. Алтай, М. Байгут, Ж. Коргасбек, К. Түменбай сыяктуу авторлордун аңгеме-повесттери прозада сүрөттөлүшүнө негиз болду деп эсептейт [Балтабаева Г.С. Тәуелсіздік кезеңіндегі қазақ әңгімелері. Монография / Г.С. Балтабаева. Алматы: «Қаратау КБ» ЖШС; «Дәстүр», 2017 – 288 бет].

**Маржан Есжанова** өзүнүн магистрлик изилдөөсүндө Желтоксан темасындагы прозалык чыгармаларды «Тарыхый доордо пайда болгон проза жанрындагы жаңы изденүүлөр» аттуу бөлүмдө талдоого алып, анда романдарды даректүү публицистикалык изилдөө-толгонуу (Т. Бейискуловдун «Желтоксан ызгаары» китебинин негизинде); эстелик-эссе (Р. Спанованын «Биз билген желтоксан» китебинин негизинде); даректүү-публицистикалык

роман (М. Шахановдун «Желтоксан эпопеясы» китеби боюнча); роман-кайгынама (С. Адамбектовдун «Желтоксандагы кара түн» китеби боюнча); коомдук саясий изилдөөлөргө арналган роман (Р. Токтаровдун «Бактылуу кулдуктун акыры», Б. Мукайдын «Өмүрзая» романдарынын негизинде*)* деп топтоштурат. Белгилүү болгондой, М. Есжанова бул темадагы прозалык чыгармалардан бир гана роман жанрындагы чыгармаларды талдоого алган. [Есжанова М. Б. «Желтоқсан оқиғасының қазақ әдебиетіндегі көрінісі». Магистрлік диссертация. Әуезов атындағы Оңтүстік Қазақстан мемлекеттік университеті. – Шымкент, 2013].

**Шериаздан Елеукенов «**Казак адабияты эгемендүүлүк доорунда» деген эмгегинин «Эгемендүүлүк өлкөнүн эркин прозасы» бөлүмүндө казак романы улуттук теманы алдыга чыгаруу аркылуу дүйнөлүк, адамдык проблемаларды чечүүгө ат салышты деп эсептейт. Автор Кеңеш мезгилиндеги геноцид, репрессия, этномаданий эспансия тууралуу айтып, казак прозасында мурунку кайгыруу, капалануу мазмунунун болушу мыйзамченемдүү көрүнүш деп эсептейт. Проза тууралуу айтканда, аңгеме, повесть, роман жанрларына бөлүп алып, андагы тарыхый чындыктын көркөм чындыкка айлануу процессин карап, окурманга сунуштайт [Елеукенов Ш. Қазақ әдебиеті тәуелсіздік кезеңінде. – Алматы: «Алатау», 2006. – 352 б.].

Мындай пикирлерди түрк окумуштуусу **Орхан Сөйлемездин** «Түрк дүйнөсүндөгү көтөрүлүштөр жана окуялар: адабиятта орун алган эркиндик руху» китебинен да табабыз. Б. Мукайдын «Өмүрзая», Д. Досжандын «Аянт», Т. Сәукетаевдин «Ай караңгысы», Б. Тиілегеновдун «Сексен алтынчы жыл», М. Иңирбаевдин «О, даанышман, дүнүйө» романдарына жана бир канча аңгемелерге бир-бир сүйлөм менен сыпаттама берип, алардын башкы каармандарын Желтоксан көтөрүлүшүнө катышкандан кийин, өмүрү алеки саата өзгөргөн бакытсыз жаштар деп тыянак чыгарат. Ал чыгармалар сапаттуу, билимдүү жаңы типтеги каармандардын галлереясын түзүү аркылуу казак прозасын алдыга жылдырды деп эсептейт [Türk Dünyasında İsyan ve Başkaldırı Edebiyata Yansıyan Özgür Ruh Editörler Orhan Söylemez Samet Azap. İstanbul, 2021].

Желтоксанчы **Гүлжахан Орданын** «Чындык менен бейнеленген чыгарма» макаласында Желтоксан окуясы жөнүндөгү көлөмдүү эпикалык прозалык чыгармаларды атап, аларда 1986-жылкы Желтоксан окуясынын казак элине алып келген азабы менен кайгысы каармандардын чыныгы жашоосу аркылуу бейнеленгенин айтат.

«Аталган чыгармалардын бардыгы көз карандысыздык үчүн күрөшкөн казак жаштарынын азаттык жолундагы күрөшү катары таанылат. Желтоксан окуясынын күчөп кетиши, аянтка чыккан жаштарды басуу, сабоо, аларды суракка алуу процесстери, куугун-сүргүн курмандарынын тагдырдын оор сыноосуна, кыйын-кыстоого учурашы, түрмөгө түшкөн жаштардын өмүрүнүн кыйылышынын бардыгы – ошол мезгилдеги чындык» [Орда Г. Шынайылыкпен бейнеленген шыгарма // Зерттеулер мен мақалалар. – Алматы: «Қаратау КБ» ЖШС: «Дәстүр», 2016. – 384 б.].

**Темирхан Тебегенов** «Эгемендик жылдардагы жаңы казак адабияты (XX к. 90-жылдары жана XXI к. башы)» аттуу монографиясында «Турмуш-тиричиликти көркөм чындык менен айкалыштырган, элдин кылымдар бою калыптанган көркөмдүк-эстетикалык дүйнө таанымын чыгармаларына топтогон сүрөткер» деп, алардын чыгармаларына «заманбап казак прозасынын поэтикалык табияты айыл менен шаар турмушун байланыштырган татаал улуттук чындыкты сүрөттөөсү менен өзгөчөлөнөт» деген баасын берет [Тебегенов Т.С. Тәуелсіздік дәуіріндегі жаңа казак әдебиеті (XX ғ. 90 жылдары мен XXI ғ. бас кезі) Монография. – Семей: «Үш биік» баспасы, 2013. – 380 б.].

**Серик Асылбек уулунун** "Казак повести (генезис, эволюция, поэтика)" аттуу эмгегинде байыркы мифтерден, уламыштардан, жомоктордон, оозеки аңгемелерден, башкача айтканда, элдик прозадан келип чыккан казак повести бара-бара улуттук жазма прозабыздын жетекчи формасына айланып, XX кылымдын экинчи жарымынан тарта көркөм сөз өнөрүнүн сапаты дүйнөлүк көркөм сөздүн мыкты үлгүлөрүнүн деңгээлине көтөрүлүп, чыныгы көркөм чыгармаларды талдап, илимий жактан изилдөө менен айырмаланат.

1970-2000-жылдары жазылган казак аңгемелерин талдап, көркөм чыгарманы ошол доордун, замандын көркөм санжырасы менен гана эмес, ошол доордун духун кармап, келечекке жеткирген күчтөрдүн бири менен салыштырат. Убакытты бир саамга болсо да токтотууга ошол көркөм чыгармалардын гана чамасы жетерин айтат. Кырк жылга жакын убакыт мурун болуп өткөн Желтоксанды да прозалык чыгармалар аркылуу көз алдыбызга келтире алганыбыз, адабияттын ошол мүмкүнчүлүгүнөн болсо керек [Асылбекұлы С. Казак повесті (генезис, эволюция, поэтика) – Алматы: «НұрлыPressKZ» 2015. – 320 б.].

Жыйынтыктап, айтканда, жогоруда аталган илимий эмгектердин биринде да белгилүү бир доордун тарыхый окуясына байланышкан жазма эмгектерге толук талдоо жүргүзүлбөгөндүгү такталды. Айрыкча, Желтоксан окуясынын негизинде жазылган прозалык чыгармалар, поэзиялык чыгармалар жана драмалар азыркы күнгө чейин системага салынып, изилдөө объектисине айлана элек.

Биринчи баптын үчүнчү бөлүмү «**Желтоксон көтөрүлүшү темасындагы драмалык чыгармалардын изилденүү абалы»** деп аталат. Ауэзовдон башталган казак драматургиясы совет доорунда толук кандуу өнүккөн. К. Сатпаев, А. Тажыбаев, Э. Жакыпов, С. Ордалиев, Р. Рүстембекова, Т. Нуртазин жана башка ушул доордун изилдөөчүлөрү болгон. Кийин улуу муундун изилдөө салтын С. Кулбараков, А. Сыгай, Р. Сыздыкова, Р. Нургалиев жана башкалар улантышкан.

Эми эгемендүүлүк доорундагы казак драматургиясынын жанрдык өзгөчөлүктөрүн, поэтикасын аныктоо, өнүгүү процессин тактап, жанрлардын өз ара байланышын көрсөтүп, өнүгүү тенденцияларын аныктоо зарыл. Бул маселелерди изилдөө азыркы адабий-көркөм процесстин диалектикасына тереңдеп кирип, улуттук баалуулуктардын камтылгандыгын таанууга

мүмкүндүк берет. Желтоксан темасындагы драмалык чыгармаларга келгенде да бул талап эске алынууга тийиш.

Анда 1991-2001-жылдардагы драматургиянын өзгөчөлүгү –элдин духун көтөрүү, акылы ууланган муундардын жүрөгүнө нур чачуу, жетимиш жылдан бери күчү кумга айланган коркунучтуу өлкөнүн намысын курчутуп, улуттук патриотизм сезимин ойготуу эле.

**Нургул Ныгметова** драмалык чыгарманын көркөмдүк түзүлүшүн талдоо аркылуу чыгарманын эстетикалык касиетин таанууга, драмалык каармандардын тилинин маңызын аныктоого аракет кылган окумуштуулардын бири. Ал өз изилдөөлөрүндө казак тилинде жазылган драмалык чыгармалардын көркөмдүк, тилдик табиятына, көркөм каражаттардын колдонулушунун системалуулугуна, таанып-билүүсүнө көңүл бурган [Нығметова Н.Т. Драмалық шығармалар тілі: монография / Н.Т. Нығметова \ Қарағанды мемлекеттік техникалық университеті. – Қарағанды: ҚарМТУ баспасы, 2015. -152 б.].

**Каримова Гульмира** «Азыркы казак драматургиясы жана аны окутуунун методикасы» деген темада кандидаттык диссертация коргоп, анын педагогикалык негиздерин изилдеген. Каримованын изилдөөсүнүн предмети катары эгемендүүлүк мезгилинде жазылган пьесаларды, анын ичинде С. Асылбек уулунун «Желтоксан түнү», Б.Мукайдын «Өмүрзая» пьесаларын алган.

Жанрдык жана поэтикалык тенденцияларды илимий өңүттөн изилдеп, драмалык чыгармалардагы автордун билимин, стилдик индивидуалдуулугун, жалпы тематикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоого умтулган. Ошону менен бирге ал жогорку окуу жайларында азыркы казак драматургиясын окутуу боюнча жеке ыкмаларын аныктай алган [Каримова Г.С. Қазіргі қазақ драматургиясы және оны оқыту әдістемесі. Философия докторы (PhD) дәрежесін алу үшін орындаған диссертациясы. – Алматы: 2016. – 177 б.].

**Рахимжан Турысбектин** «Эгемендүүлүк доорундагы казак адабият таануу илими» аттуу эмгегинде эгемендик доорундагы казак адабият таануусунун багыттары, өнүгүшү жана өзгөчөлүктөрү коомдук, маданий, руханий чөйрөлөр менен байланышта каралат.

Аталган эмгекте казак драматургиясын М. Шаханов, Б. Мукай, И. Сапарбаев сыяктуу авторлорун адабий процесске кошконун эл, жер тууралуу чындыктарга негизделип жазылган пьесалары чыныгы сыпаттары менен көңүл бурдурат [Тұрысбек Р.С. Тәуелсіздік тұсындағы қазақ әдебиеттану ғылымы //Оқу-әдістемелік құрал//. - Астана: ЖШС «ҚЭКО» - «Әдебиет» баспа үйі, 2008. - 135 б.].

Эгемендүүлүк жылдарында өлкөнүн эркиндик үчүн күрөшү, баатырдык дух, улуттук каада-салт боюнча тарыхый драмалар жемиштүү жазылганын белгилеп, казак драматургиясынын дараметин көтөргөн чыгармалардын катарына бир катар драматургдардын чыгармаларын киргизет.

Алардын ичинен окумуштуулар **Канипаш Мадибаевдин, Даулеткерей Муликтун** көңүлүнү бурдурганы – И Оразбаевдин «Былыкка баткан шаар (портмонэ)», С. Асылбек уулунун «Желтоксан түнү» драмалары. «Желтоксан

түнү» 1986-жылдагы декабрь окуясынын белгиси катары улут тагдырындагы саясий символизм, инсандын турмушундагы руханий оош-кыйыш, толкундоо багытында таанылса, «Былыкка баткан шаар (капчык)» драмасын Желтоксан темасын эмес, адам экологиясын, руханий жана социалдык азып-тозууну көркөм мейкиндикке алып чыккан деп эсептейт [Мәдібаева Қ, Мүлік Д. Қазіргі қазақ әдебиеті: Оқу құралы. / Алматы: ЖШС «Лантар books», 2023 ж. – 353 б.].

Желтоксан темасын терең изилдеп жазган окумуштуу **Гүлжахан Орда** экенин жогоруда айттык. Бул теманы кеңири изилдеген окумуштуунун драмадан айланып өтүшү мүмкүн эмес. Анын «Желтоксан чындыгы адабиятта» аттуу изилдөөсүндө бардык жанрлар камтыган. Ал бүт жанрды камтыганы менен, Желтоксан тууралуу бардык чыгармалар камтылбагандыгын белгилейт. Драма жанры боюнча алты чыгарма талдоого алынат. Бул темадагы эң алгачкы драма О. Бөкейдүн «Желтоксан жели» сахналык чыгармасы, С. Асылбек уулунун «Желтоксан түнү», Ө. Ахметтин «Желтоксан ызгаары», М. Байгуттун «Жоголгон Журнак», И. Оразбаевдин «Былыкка баткан шаар «Портмонэ», И. Сапарбаевдин «Мажнүн» сыяктуу идеялык объектиси менен көркөмдүк эстетикалык деңгээли ар түрдүү драмалар.

Окумуштуу Г. Орда бул чыгармаларды тизмектеп, С. Асылбек уулунун «Желтоксан түнү» аттуу эки бөлүктөн турган пьесасына кеңири токтолот. Чыгармадагы ар бир каарман өзүнүн чөйрөсүнүн, ошол социалдык топтун, замандаштарынын композициялык образын чагылдырат. «Драматург окуяга катышкан бардык каармандарды типтүү образга көтөргөн деген жыйынтык чыгарат [Орда Г.Ж. Сөз сыры: Зерттеулер мен мақалалар. – Қарағанды: Экожан, 2013. – 391 б.].

**Биринчи бап боюнча жыйынтык.** Желтоксан көтөрүлүшүн поэзия, проза, драма жанры аркылуу сүрөттөгөн авторлор социалисттик коом менен көз карандысыз мезгилдердеги казак улутунун тагдыры, өлкөдөгү саясий-социалдык карама-каршылыктар, өткөөл мезгилдеги адам турмушу, анын ички жан дүйнөсү, руханий дүйнөсү ошону менен бирге Желтоксандын жемиши болгон бүгүнкү демократиялык коом менен адамдар ортосундагы, адам менен коом ортосундагы, адам менен табият ортосундагы байланыштар менен карама-каршылыктарды калем аркылуу таанытты.

Иштин экинчи бабы «**Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы чыгармаларды изилдөөнүн методологиясы, усулдары, объектиси, предмети жана материалдары**» деп аталып, бул илимий эмгектин методологиясынын эң маанилүү жагы катары окурмандардын, өзгөчө жаш муундардын адеп-ахлактык багыттарын туура калыптандырууда баалуулугу жагынан каралып жаткан чыгармалардын аксиологиялык баалуулугун баса белгилеп, м**аданий-тарыхый, салыштырма-тарыхый метод, социалдык метод**, а**дабий герменевтика, аксиологиялык методдор көрсөтүлөт.** Аксиологиялык метод чыгарманын көркөмдүк деңгээли жана нарк потенциалы, улуттук жана жалпы адамзаттык руханий артыкчылыктарга багыт алуу сыяктуу критерийлерди камтыгандыктан, Желтоксан темасындагы бардык жанрдагы чыгармаларды талдоодо эң ылайыктуу ыкма деп эсептейбиз.

Илимий ишибизде эгемендик доорундагы адабияттагы түйүндүү маселелер, Желтоксон көтөрүлүшү темасында жазылган чыгармалар, сын-пикирлер, чыгармачылык-биографиялык маалыматтар **изилдөөнүн объектиси** катары алынды.

Желтоксон көтөрүлүшү темасында жазылган поэтикалык, прозалык, драмалык чыгармалар **изилдөөбүздүн предметин** түздү.

Иштин үчүнчү бабы «**Казак адабиятында Желтоксан көтөрүлүшү темасынын көркөм иштелиши**» деп аталып, **«Желтоксанчы акындардын чыгармачылыгындагы күрөшкерлик дух»** деген бөлүмдө Желтоксан темасында ыр жараткан акындардын поэтикалық чыгармалары талдоого алынат.

Желтоксанчы акындардын сап башында Кайрат Рыскулбековдун ысымы турат. К.Рыскулбеков – аты аңызга айланган, аз жашаган өмүрүндө жасап кеткен иши жаш муундарга үлгү болгон, улут намысынын символуна айланган инсан. Кайрат Рыскулбеков «Актык сөз», «Кездешебиз дагы да», «Кечирим берүү тууралуу сураныч», «Түрмө ыры», «Апама», «Эне тили» сыяктуу саналуу ырлары менен гана казак адабиятынын тарыхынан орун алган, [Ақтық сөз [электронный ресурс]. – режим доступа: https://massaget.kz/layfstayl/adebiet/poeziya /23758/].

**Бауыржан Үсенов** дагы – желтоксанчы акындардын бири. Анын алгачкы жыйнагы 1992-жылы «Балауса» басмасынан «Жаратылыш терезеси» деген ат менен жарык көргөн. Б. Үсөновдун жыйнакка кирген ырларынын тематикасы ар түрдүү. Анын ичинде көңүл-көйү, табият лирикасы менен кошо эки поэмасы берилген. Ураан жазып, кыпкызыл туу көтөрүп биз да келдик аянтка «Элим ай!-лап» деп өзү айткандай, Бауыржан дагы өзү Желтоксан көтөрүлүшүнүн ачуу чындыгын ары өзү дагы желтоксанчы, ары анын курмандыгынын бири болгон соң, тереңинен козгоп көркөм чындыкка айландыра билди. Анын бири «Эрте соолуган ыр гүлү» поэмасы:

Дирилдетип талааны,

Өкүм чыкты дагы да бир акынга – деп, Кайраттын өлүм жазасына кесилгенин ырга кошот, [Үсенов Б. Менің бұлтым: Өлеңдер, поэмалар. – Алматы: «Жазушы», 2012. – 224 бет]. Анткени, биринчиден, жер бетине жарака түшсө эң алды менен акындын жүрөгүн жаралайт. Экинчиден, биздин заман бетин тытып ала турган ырлары үчүн акынды өлүм жазасына тартып келгендиги алмустактан бери белгилүү иш.

Желтоксан акындарынын дагы бири – **Болат Шарахымбай**. Желтоксан окуясына арналган анын бир катар ырларын жана «Желтоксандын 17-си кандай күн? же уулум Элдардын суроосуна жооп» поэма-реквиеми «Улагат» басмасынан 2020-жылы жарык көргөн «Киши кийик» ырлар жыйнагына кирди. Ал эми 2022-жылы «Желтоксан: жан дүйнө бороону: изилдөөлөр, макалалар, маектер» аттуу китеп «Тоганай Т» басмасынан жарыкка чыкты.

Желтоксан окуясынын жандуу картинасын жараткандардын катарында **Амангазы Карыпжан** сындуу Желтоксан зардабын тарткан акындын орду дагы өзгөчө.

А. Карыпжандын 2014-жылы «Жазуучу» басмасынан жарык көргөн «Санаа сүрөттөрү» ыр жыйнагында Желтоксанга арналган ырлары көп. Алар «Тонолгон дүкөн. 1986-жыл», «Желтоксанды баала», «Аянттагы трибунада», «Аянттагы өрт. 1986-жыл», «Оодарылган трамвай. 1986-жыл», «Аянттагы жарык», «Тикенек. 1986-жыл», «Биз 86нын төлү элек», «Биз билген курмандыктар», «Карышкырлык же Желтоксан окуясынан соң», «Желтоксан ыры», «Желтоксан жаңырыгы» ж.б. ырлар. Ал ары акын ары композитор да болгон, «Желтоксан маршын» дагы жазган, [Аманғазы К. КӘРІПЖАНӘУЛЕТІ: ЖЕЛТОҚСАН - МЕНІҢ ТАҒДЫРЫМ [электронный ресурс]. – режим доступа: [https://qazaquni.kz/basty-makalalar/61936-amangazy-karipzhanauleti-zheltoksan-m](https://qazaquni.kz/basty-makalalar/61936-amangazy-karipzhanauleti-zheltoksan-m)].

Желтоксанчы акындардын ыр көчүн алга сүрөп келе жаткандардын катарында **Абубакир Кайрандын** дагы өз орду, казак поэзиясы ааламынан ала турган өз энчиси бар. Ал «Эгемендик эң ыйык», «Ал күн», «1986-Желтоксан (калаадан качкан жигиттин зары)» ж.б. ырлардын автору. Эгемендиктин жыйырма жылдыгына арналган «Эгемендик эң ыйык» ырында:

Жүгөндөлдү эл, жүдөдү эл, тоңду ыйлап,
Өчөр болду солгундап соңку чырак.
Айдалса да, Атылып, Байланса да,
«Биз кул болдук» деп айткандар болду бирок [Қайран Ә. Наркескен: Тарихи дастандар. Толғаулар. Өлеңдер. – Алматы: ЖК «Нұрақынов», 2014 – 400 б.].

Декабрь айынын 17-18и күндөрү аянттагы жаштарга сөзү менен да, иши менен да тилектеш болуп, айрымдарынын жазадан кутулуп кетишине көмөктөшкөн акындардын бири **Байбото Кошым Ногой** болгон. Анын Желтоксан окуясы жөнүндөгү алгачкы ырларынын бири «Жаанкурт» («Сөөлжан») деп аталат. Апрелдин бир күндөрү жааган жамгыр ак жаанга айланып, создугуп кетти. Жер көгөрүп калган чакта, бир күнү тоого кар жаап, кайта үшүк жүрүп, түнү менен токтобогон ак жаан таң ата музга айланды. Көчөгө төшөлгөн асфальтта ийрелеңдеген сөөлжандар музга катып тоңуп калган. Күн жылый түшүп жаандын жааганына алданып калган да. Ары-бери өткөн машинелер сөөлжандарды жанчып, эзип жатты... Байбото ошол күнү «Жаанкурт» деген ырын жазды. Ыр 1985-жылдын апрелиндеги жазгы баардан кийин арадан жыл өтө бере аянтка чыгып, алданып калган казактын чырпыктай кыз-жигиттеринин мамлекет машинесинин ырайымсыз соккусуна туруштук бере албай жер менен жексен болгон оор тагдырын сүрөттөөгө арналган. [Қошым Ноғай Б.С. Тәңірі таразысы: Бақ пен сор. Өлеңдер, балладалар, рубаилар, сонеттер. – Алматы: «Жазушы», 2005. – 408 б.].

Ушул окуялардын дагы бир тирүү күбөсү, акын **Жумаш Кенебайды** аянттагы кандуу окуя акын колуна эрксизден калем алдырат. Ошентип «Зоболоң» аттуу чоң дастан жарыкка келген.

Айтылуу Желтоксан окуясы тууралуу бул дастан окуянын изи сууй электе 1986-1987-жылдары жазылып, 1990-жылы оболу «Азат» гезитинин декабрь айындагы санына басылып чыгып, кийин «Азаттык» радиосу аркылуу эфирден берилген. Акын бул чыгармасына кошумча «*тарыхый дастан*» деген

ат берген, [Кенебай Ж. «Зобалаң» Тарихи дастан. [Электорнный ресурс]. – режим доступа: https://abai.kz/post/46578].

Акын дастанын 18-декабрда жаза баштайт. Дастанда окуянын учугу киришүүдөн башталы аянтта курбусун кармап кеткен аскерлер менен алардын башчысы офицерге тайманбай каршы чыккан казак кызынын айланасында өрчүйт.

Желтоксанчы акындарга акын **Светкали Нуржанды** дагы киргизебиз. Акындын «Алматы – 86» деген ыры бар, аталган темага байланыштуу акындын башка дагы ырлары болуусу толук мүмкүн. Акын аянттагы кандуу окуяны, анын күч менен басылгандыгын, жаштарды коргойт деген эл агаларынын жер карагандыгын, ошондон элдин кандай сынгандыгын ырга кошот.

Желтоксанчы акындар туралуу сөз болгондо коомдук ишмер, обончу, акын **Хасан Кожа-Акматты** айтпай кете албайбыз. Себеби ал «Желтоксан» улуттук-демократиялык партиясын башкарган. «Желтоксан» гезитинин чыгаруучусу, ары редактору болгон. Анын обондуу ырлары менен сөзүн өзү жазган «Аябады мени турмуш», Насипбек Айтуулунун сөзүнө жазылган «Жашыба, көңүлүм, жашыба» (1987-жылы Павлодар түрмөсүндө чыккан обондуу ыр), Шаймерген Алдибековдун сөзүнө жазылган «Желтоксандыктар ыры» (1987-жылы Аркалык түрмөсүндө чыккан обондуу ыр) чыгармалары бар. Дагы бир айта кетерлик маалымат, 1972-жылы жазган «Калкыма» ырында «Тыңда, калкым, айтам сага сырымды» деп баштап, Абай, Шакерим жарык дүйнөгө келген жемиштүү жерлердин чаңы сапырылып чөлгө айланганын, казак калкы эне тилинен айрылуу абалында турганын ж.б. көйгөйлөрдү ырга кошот.

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда аты аталган акындардын ырлары менен поэмалары 1986-жылдагы Желтоксан көтөрүлүшүнүн көркөм санжырасы болуп саналат. Айтылуу окуянын тарыхый баасын берип, аны поэзияда эң алгач ырга айланткан – желтоксанчы акындар болгондугунда шек жок. Алардын чыгармаларынын көркөм наркы келечекте атайы изилденери анык. Бирок алардын чыгармаларынын көркөмдүк сапаты белгилүү бир тарыхый мезгилдин чындыгын берүүдөгү баалуулугун эч качан төмөндөтө албайт.

Үчүнчү бап**тын «Казак прозасында Желтоксан көтөрүлүшүнүн көркөм сүрөттөлүшү»** деген экинчи бөлүмүндө прозаик жазуучулардын чыгармалары талдоого алынат.

**Аскар Алтайдын** чыгармачылыгында Желтоксан окуясы – өзгөчө тема. Алсак, «Прописка», «Сибирь офицери» аттуу аңгемелери эгемендикке карай жолдун оңой болбогондугун, казак калкынын ал жолдогу кооптуу тагдырын сүрөттөйт.

«Прописка» аттуу чыгармасында урбанизация темасы менен Желтоксан окуясынын зардабы сүрөттөлгөн. Окуя Аркат аттуу жигиттин башынан өткөргөн кыйынчылыктарына негизделип, сюжети боюнча Тоолуу Алтай аркылуу калаа менен айылды байланыштырган автобустун жолоочулары жолдо суукка тоңушат. Анын ичинен бир нече жолоочу таптакыр жоголуп

кеткен. Аңгеме «Аркат ымырт аяздан ичиркенип койду» [Асқар Алтай. Казино. Абсурд әлем новеллалары. – Алматы: «Атамұра» 2008. – 368 б.,308] деп аяктайт. Бирок мунун баары, автобус да, жолоочулар да – аллегория. Башкы каарман Аркаттын тагдырынын тар жолу менен көктөмүнүн ортосу болсо да, көк музу эрибеген тоонун жолу маааанилик жактан үндөшүп турат. Автор бул аңгемесин Желтоксанда изи-түсү билинбей, дайынсыз кеткендердин элесине арнаган.

Калемгерлик чеберлиги менен таанылган жазуучулардын бири – **Канат Абылкайыр**. Анын «Кишен» аңгемеси – автордун ушу күнгө чейин эч жерде жарыяланбаган чыгармаларынын бири. Чыгарманын негизги темасы – Желтоксан окуясынын кесепеттери. Аңгеменин сюжети оор, бир дем менен аз убакытта окуп чыкса болот, бирок сюжеттин санааны эзген салмагынан арыла албай көпкө жүрөсүз, окулушу тез болгону менен, таасири узак.

Бул аңгеменин дагы бир бөтөнчөлүгү бар. Ал Желтоксан окуясына байланыштуу чыгармалардын көпчүлүгүндө сатира, юмордун кездешпегендиги. Ал эми мында К. Абылкайырдын кандай жагдайда да азил-тамашасыз жүрө албаган казактын табигый болмушун тааныта таамай штрихтерди жасай билген.

Желтоксан темасында жазылган кандай гана чыгарма болбосун бардыгында орток бир чечимди байкайбыз. Ал чечим: чыгармада үмүт өлбөйт, тар капаста трагедиялуу тагдыр болсо дагы, окуя соңунда кандай да бир жарык шоола түшүп турат. Ал шоола алдыда атаа «Эгемендик» таңынын жарык шооласы эле. «Артына бир карап алды эле, Гүлнары мен Касымы түрмөнүн сыртында турган экен. Экөөнүн тең буту-колундагы кишен чарт үзүлө тургандай көрүндү..» [Әбілқайыр Қ. «Кісен» әңгіме. Қолжазба ].

Желтоксан окуясына убак-убагы менен кайрылып, анын жагдайларын ар түрдүү аспектиде караштырган бир нече прозалык чыгармаларды берген авторлордун бири – **К. Түмөнбай**. Биз анын «Мунар күн», «Колбин менен кездешүү», «Комуздун муңу» аттуу аңгемелерин талдаганбыз. Жалпы аталган теманы жазуучуларыбыз ар түрдүү кырынан таанытууга жан үрөгөн. Аны ошол жазылган көркөм чыгармалардын сюжеттик желесинен, көркөм ыкмасы менен жазылуу формасынан, идеясынан көрүүгө болот. «Мунар күн» аталган деректүү аңгемесин «Айдарынан жел өпкөн бир-бир үйдүн ардагы Желтоксан курмандыктарына арнаймын» деген автор аңгемесине Желтоксан курмандыктарынын бири – Кайрат Рыскулбековдун атуу жазасына кесилген соңку көз ирмемин, соңку демин чагылдырган. Аңгемеде Кайраттын, ал өлтүрдү деген жасоол Савицкий өңдүү кейипкерлердин аттары өзгөргөнү менен кеңеш бийлигинин саткын саясаты менен куйку аракети өзгөргөн эмес.

Желтоксан окуясынын жүрөккө салган жарасын көрсөтөр чыгарманын дагы бири жаш жазуучу **Мира Сүйүншалиеванын** «Сокур кыз» аңгемеси. Желтоксан темасына жазылган чыгармалардын ичинде башкы кейипкер иретинде кыз баланын катышуусу анча көп кездеше бербейт. Аңгемеге Желтоксан окуясында тагдыры талкаланган Жансулуу аттуу кыздын өмүрү сүрөттөлөт. Беш ай бою оорукана төшөгүнө таңылып, акыры эки көзүнөн бирдей айрылып, элге майып болуп кайткан жаш кыздын тагдыры эч кимди

кайдыгер калтырбайт. Ал бир гана эже-синди кыздардын диалогунда эске салынып кеткени болбосо, аңгемеде Желтоксан окуясын сүрөттөгөн эпизоддор жок.

Желтоксан көтөрүлүшүнүн ийне-жибине чейин козгоп, анын саясий маанисине көркөм өңүттөн ой калчаган бирден-бир жазуучу – **Жалал Кеттебек**. Анын мыкты чыгармасынын бири - «О дүйнөдөн кайткан адам» аттуу баяны. Жазуучу аталган повестинде монолог ыкмасына көбүрөөк ыктаган.

Желтоксан окуясын негиз кылган повесттердин ичинде **Өтөн Ахметтин «Желтоксан ызгаары»** повести – ийгиликтүү чыгармалардын бири. Жалпы дал ушундай аталыш менен жарык көргөн проза чыгармалары арбын. Ошонун бири жаш жазуучу Е. Абикен уулунун аңгемеси поэзияда да «Желтоксан», «Желтоксан жели», «Желтоксан ызгаары» деген аталыштар менен канча деген лирикалык ырлар, ал тургай ири эпикалык поэмалар дагы жазылды. Маселен, А. Эгебаевдин «Желтоксан», З. Сулеймен кызынын «Желтоксан ызгаары», Н. Айты уулунун «Мукагали-Желтоксан» аттуу поэмалары бар.

Желтоксан козголоңуна байланыштуу жазылган чыгармалардын ичинде **С. Осмоновдун «Кулдар көтөрүлүшү»** аттуу повести дагы бизди бөтөнчө кызыктырды. Бүтүндөй бир өлкөнү, алп империяны аягынан тик тургузган жалындуу жаштардын иш-аракетин Спартак баштаган кулдар көтөрүлүшүнө салыштырбаганыбыз ырас.

**Т. Саукетаевдин** «Ай караңгысы» романында да айылындагы тарпы чыккан жакыр турмушка жаны кашайганда Азиз Султан Кеңеш өкмөтү жыйын-маареке сайын алдап, салпынчак темири менен бир барак кагаз берип, өмүр бою мал артында жүргүздү, анан жумушка жарабай калган кезинде киши ордуна көрбөйт деп күйүнгөнү бар. Мына, бул кечээги Кеңештик социалистик мамлекеттин өздөрү букара атандырган калкты өз уучунда кармаган кулчулук саясатынын көрүнүшү болгон.

Желтоксан көтөрүлүшүнүн чыныгы маалыматтарын негиз кылып пайдаланып, анын тарыхый мааниси менен саясий себептерине көркөм чындыктын негизинде талдоо жүргүзгөн чоң-кичине чыгармалардын ичинен жазуучу **Н. Куантай уулунун** «Караөзөк» романынын орду бөтөнчө. Алгачкы жолу 2001-жылы миң нуска менен жарык көргөн роман 2013-жылы 500 нуска менен кайра басылат. Ал эми 2015-жылы мамлекеттик тапшырык менен эки миң нуска болуп кайта басылып чыгат.

«Караөзөк» романы Желтоксан темасына атайын арналып жазылган чыгармалардан ийгиликтери жана романдын жеке өзүнө таандык өзүнчөлүгү менен баалуу. Романды жазууга автор чоң даярдык менен келген. Ал даярдык анын Желтоксан окуясына катышкандыгы тууралуу тарыхый даректер жана ага катышкан күбөлөрдүн көпчүлүгү менен кездешкендигинде гана эмес. Ошондой эле ал даректүү романдын XX кылымдын соңку он жылдыктарында Казакстанда болуп өткөн саясий окуялардын баарын камтууга тырышкандыгында дагы эмес.

Желтоксан көтөрүлүшүнүн, ал тургай Желтоксан гана эмес, кеңеш өкмөтүнүн тоталитардык доорундагы жалпы кезеңдин бүтүндөй болмушу

менен чындыгын, жүзүкара саясаты менен кайгы-капасына толгон кесепеттерин түп көтөрө сүрөттөгөн кайталангыс жазуучунун бири **Баккожа Мукай** – Желтоксанды гана эмес, Совет бийлигинин тоталитардык режиминин доорунун маңызын жана чындыгын сүрөттөгөн жазуучулардын бири. Бул фундаменталдуу чыгарма мезгилдин ачуу чындыгын, улуттун намысын, күчүн жана тагдырын, көз каранды, эзилген коомдун коолдуксуз жашоосун сүрөттөйт. Жана аты да уникалдуу – Омирзая. Романды биринчи жолу колуна алган ар бир окурман: «кандай кайгылуу жашоо текке кетти?» Бирок, романды окугандан кийин башкы каармандар Алдияр Акпанула менен Аяган Куатуланын өмүрү текке кетпей, өз өлкөсүнүн тагдыры жана тарыхы үчүн илимпоз катары өз принциптерине ылайык курмандыкка чалынганына кубанасыз.

Желтоксан темасын ар тараптуу ачып көрсөткөн романдардын эсеби бир топ экенин байкадык. Бул тизмени Рафаэл Ниязбековдун «Көсөм» романына көз чаптыруу менен жыйынтыктайбыз. Бул романда улуттун башчысына айланган Д. Коноевдин күрөшкө толгон өмүрү сүрөттөлөт. Улуттук боёкко каныккан бул чыгарма Димаш аганы даңазалап, ошол мезгилдеги чындыкты болгонун болгондой баяндайт. «Көсөм» – саясий жана тарыхый темада жазылган татаал чыгарма.

Ошондой эле бул бөлүмдө Д. Досжандын «Аянт», А. Абдрайымуланын «Уяластар», Б. Тилегеновдун «Сексен алтынчы жыл», Р. Токтаровдун «Бактылуу кулчулуктун аягы», М. Инирбаевдин «О, гениалдуу дүйнө!», С. Адамбековдун «Декабрдагы кара түн» романы, Т. Момбекулы-Түркстандын «Асанкайгынын руху», Акын-Желтоксанчу Б. Алимжановдун «Казак-орус-немис согушу жана достугу тууралуу жүз жылдык ода» аттуу романдары каралды. Желтоксан темасындагы романдарды изилдеп жатып, авторлор көптөгөн жаңы көркөм чечимдерди сунуштаганын байкадык. Алар боексуз жашоонун сырын ачып, окурманды көркөм жол менен окуяга байланыштырышат. Албетте, бул романдар муундун эсинде Улутчулдуктун, улуттук иденттүүлүктүн учкунун өчүрбөөгө кызмат кылат.

Жыйынтыктап айтканда, Желтоксан темасындагы проза чыгармалары жандуу түстөрдү, образдуу тилди, укмуштуу сюжетти жана курч композицияны колдонуу менен образдардын каармандары аркылуу турмуш чындыгын көркөм чындыкка айландыра алды.

Үчүнчү баптын **«Драмалык чыгармалардагы күрөштүн улуттук жана социалдык мүнөзү»** аттуу бөлүмүндө Желтоксан көтөрүлүшүн чагылдырган драмалар талдоого алынат.

Желтоксан темасындагы чыгармалардын бардыгы азыркы казак драматургиясынын жанрдык сыпатын айкындай турган параметрлерге шайкеш. Ушу өңүттө жазылган адабий чыгармалардын бири – акын-драматург **Исраил Сапарбаевдин** «Мажнун» драмасы.

Желтоксан окуясын ар тараптуу камтыган эң кеңири пьеса – С. Досоновдун «**Тозок айлампасы**» драмалык икаясы. Драма «Жануран» деген ат менен бир нече театрларда, анын ичинде Кыргыз театрында да коюлган.

Драматургдун дагы бир өзгөчөлүгү кейипкер мүнөзүн ачууда. Мисалы, Ауэзов дагы, Шолохов дагы кейипкер портретин дароо жасабай, бир аз окуя өткөндөн кийин барып, негизги кейипкердин портретин жасап, окурманга тартуулайт. Ал эми, Сабит антпейт. Кейипкери аренага чыккан кезде жарк эткизет, анын портретин кийинкиге сактабайт. Ал кейипкер кийинки бөлүмдөрдө кайта аренага чыкса, анын жеке портрети улам бир жаңы кырынан көрүнүп турат. Портрет кейипкердин иш-аракет, кыймылын толуктай түшөт. Автордун бул кырын кезинде А. Нуршайыков кадам сайын тааныган [Досанов С. Жиырмасыншы ғасыр: Роман-эпопея. 4 кітаптық / С.Досанов. -Алматы: «Арда+7», 2016. 248-бет: 355].

**Акын-драматург Иранбек (Иран-Гайып) Орозбаевдин** «Былыкка баткан калаа» («Портмоне») драмасында эгемендиктин алгачкы жылдарындагы калаадагы катаал турмушту боёксуз сүрөттөйт. Таштанды челектердин маңдайындагы үч муун өкүлүнүн оор тагдыры, баалуулуктардын алмашуусу, бай менен кедейдин арасын алыстаткан контрасттуу турмуш чыгармада орун алат. Жогоруда айтылган үч муундун алдыңкы өкүлү – илим керексиз болуп, жабылып калган илимий изилдөө институтунун профессору Жампоз Бураевич, ортоңку муун – аспирант, Желтоксан курмандыгы Акмая, үчүнчү мууну – сыркоо энесине өзөк жалгаганга аш издеп таштанды челектерин кыдырып жүргөн бала. Тилекке каршы буларды типтүү образдар деп атоого туура келет. Драманын окуя желеси чыйрак, кейипкерлердин аракети ынанымдуу, тартыштын ички динамикасы күчтүү.

Желтоксан темасындагы адабий чыгармалар казак авторлорунун калеминен гана жаралган жок, бул темага коңшу кыргыз элинин калемгерлери дагы кайрылышкан. Түрк элдеринен чыккан залкар жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармалары 170 тилге которулуп, «Адамзаттын Айтматову» атанса да, өмүрү менен чыгармачылыгында казак калкынын орду бөтөнчө экендиги талашсыз. Жазуучулук жолунда М. Ауэзов, А. Кекилбаев, А. Нурпейисов, К. Мухаметжанов ж.б. казак калемгерлери менен адабий байланышта болгондугу жалпыга маалым. «Кыргыз-казак адабий байланышын изилдөөгө үлүш кошкон окумуштуулардын бири А. Акматалиев: «Казак жазуучулары менен жакын тааныштыгым Чыңгыз Айтматовго бир кадам жакындай түшүүмө себеп болду» деп эскерет [Акматалиев А. «Қызыл алмадан» басталған таныстық. Қазақ әдебиеті газеті. 11.07.2017 https://qazaqadebieti.kz/10966/yzyl-almadan-bastal-an-tanysty].

Казак-кыргыз адабий байланышынын мыйзамченемдүү жалгашы Айтматов-Шаханов ортосундагы чыгармачылык – достук-боордоштук тандем. Бу тандем жөнүндө көп нерсе айтууга болот. 2008 жылы Чыңгыздын чоң жүрөгү токтогондо «Жаш алаш» гезитине чыккан казанамада «Эгер Чыңгыз Айтматовдун бүтүндөй чыгармасын таразалап, талдап, изилдеп чыгып, «Жазуучу кийинки урпакка кандай осуят калтырып кетти экен?» деген соболго жооп издесеңиз, кыргыздын улуу жазуучусунун артына калтырып кеткен осуятында эки ооз сөз менен: «Маңкурт болбогула!» деп жазып кеткен. Ушу «маңкурт болбогула» деген насаат Айтматов-Шаханов авторлоштугундагы драмадан айкын байкалат.

Бир тууган эки өлкөнүн адабий чынары Чыңгыз Айтматов менен Мухтар Шахановдун чыгармачылык ынтымагынын жемиши – «Сократты эскеру түнү, же магыбаш терисинин үстүндөгү сот» драмасының, философиялык чыгарманын негизги идеясы – өлкө жана жер тагдыры, тарых менен заманбаптыктын үзгүлтүксүздүгү, абийирдин тазалыгы жана чынчылдык, «маңкурт болбоо» үчүн тилди жана салтты сактоонун маанилүүлүгү. [Айтматов Ч., Шаханов М. «Ғасыр айрығындағы сырласу» (Құз басындағы аңшының зары). Рухани-философиялық, тарихи-танымдық және махаббат хикаяларынан құрылған эсселер кітабы. – Алматы: 2008. – 512 бет.].

Пьеса акын менен жазуучунун диалог түрүндөгү терең ой жүгүртүүсү аркылуу ачылат. Ошентип, Чыңгыз хан дooруна, хунндар дooруна, Желтоксан окуясына тарыхый чегинүү түзүлөт. Пьеса бир нече доордогу маанилүү окуяларды талдап, окурманды маданий төмөндөөдөн, руханий байлыкты даңазалоодон чочулоого чакырат.

Оор психологиялык тартыштар, калыптанган стереотипти бузуу, белгиленген алкактан чыгуу сыяктуу драматургияга таандык кырдаалдар Желтоксан темасындагы пьесаларга да негиз болгон. Ал эми желтоксанчы каармандар ошо кездеги Брежнев аянтындагыдай эле драмалык чыгармалардын тартыш майданында дагы сан түркүн айыгышкан кармашка түшүп, окурманга тарыхый чындыкты чебер жеткизет.

## КОРУТУНДУ

Көркөм чыгарманын өзөгү катары алынган тарыхый чындыктын адамзат тарыхында мааниси арткан сайын алардын көркөм чындыкка айланышы коомдук мүнөзгө ээ болуп, салтка айланып баратканы белгилүү. Дүйнөлүк мааниге ээ болуп, улуу тарыхый бурулуштардын башталышы болгон Желтоксан көтөрүлүшү да аз убакыттын ичинде казак адабиятында салттуу темалардын бирине айланган. Мына ушундан улам бул темада жазылган эмгектерди мазмуну боюнча топтоштуруунун илимий мааниси чоң. Изилдөөнүн жыйынтыгында иштин жалпы мазмуну боюнча төмөнкүдөй корутунду чыгарылат:

1. Желтоксан темасына арналган проза, лирика, драма жанрларындагы чыгармаларды байланышта талдоого алуу казак адабиятынын тарыхы үчүн маңыздуу. Ушуга байланыштуу Желтоксан темасын чагылдырган айрым поэзиялык чыгармалардын мазмундук өзгөчөлүктөрүн, стилин бир катар окумуштуулар изилдөөгө алган. Алсак, Б. Майтанов, А. Кайырбеков, А. Шарип, А. Сейпутанова, Гүлжахан Орда, Ш. Сариев, Т. Тебегенов, Ж. Толысбаева, М. Есжанова, Ж. Аймухамбеттин изилдөөлөрүндө бир катар акындын чыгармачылыгына токтолуп, андагы эгемендүүлүк рухунун берилиши, анын ичинде Желтоксан темасынын чагылдырылышы изилденген.

2. Казак акындарынын Желтоксан көтөрүлүшүн чагылдырган бардык чыгармаларында орток пафос бар. Ал эзилген козголоңчулардын руху сынбаганы, туусу жыгылбаганы. Мына ушундан улам бул ырларда реализм менен катар романтикалык пафос көбүрөөк байкалат. Бийик кыял үчүн

жаралган поэтикалык поэзияга мүнөздүү романтикалык, баатырдык, романтикалык пафос гана эмес, риторикалык суроо, кайталоо, удаалаш рифма, ассонанс, аллитерация сыяктуу формалар да көп колдонулат. Белгилүү акындар гана эмес, акындык кесипти аркалабаган инсандар да сөз калеминен жаралган теманы ырдап чыгышы бул окуя ар бир эл өкүлүн кайдыгер калтырбаганын айгинелейт.

3. Желтоксан көтөрүлүшү темасындагы чыгармаларда кылымдар бою созулган колониализм, шовинисттик саясаттын улут өкүлдөрүнүн билимине, тарбиясына, психологиясына тийгизген таасири кеңири чагылдырылган. Бул жерде конфликттердин түрлөрүнүн социалдык мүнөзү көп. Ошондуктан бул чыгармаларда тарыхый инсандардын прототиби боюнча түзүлгөн коллективдүү образдар бир топ эле кездешет.

4. Көркөм адабият - жеке адамдын гана эмес, коомдун, бүткүл адамзаттын таанып-билүүсүнүн жана өзгөрүшүнүн көрсөткүчү. Бул илимий эмгектин методологиясынын эң маанилүү жагы катары окурмандардын, өзгөчө жаш муундардын адеп-ахлактык багыттарын туура калыптандырууда баалуулугу жагынан каралып жаткан чыгармалардын аксиологиялык баалуулугу баса белгиленет.

5. Желтоксанчы акындардын чыгармалары - 1986-жылдагы Желтоксан көтөрүлүшүнүн көркөм санжырасы. Желтоксан көтөрүлүшүн баяндаган лирикалык чыгармаларда казак элинин кылымдар бою күрөшкерлик рухун айкындаган ырдык жана акындык поэзиядагы көркөмдүк ыкмалар көбүрөөк колдонулган.

6. Казак прозасында Желтоксан көтөрүлүшү көркөм сүрөттөлүп, прозалык чыгармаларда бир гана реалистик метод эмес, ошондой эле модернисттик жана постмодернисттик методдордун элементтери да колдонулган. Прозалык чыгармаларда Желтоксандагы тарыхый чындыкты көркөм чындыкка айландыруудагы идеялык-көркөмдүк изилдөөлөр жанрдын табиятына жараша чеберчилик менен ишке ашырылган. Желтоксан темасына арналган казак аңгемелери, повесттери жана романдарынын көпчүлүгү – ошол жаңы чыгармачылык процесстин жемиши деп айтууга болот. Кыйын кезеңдин жарчысы болуп, ар бир чыгарма автордун жеке көз карашы менен чыгармачылык концепциясына айланып, адабиятыбыздын руханий ааламына жаңы дем, жаңы күч кошту.

7. Жанрдык үлгүлөр, стилдик талаа, каармандар, конфликт учурунда ачылган мүнөз, драматизмди адамдар арасында жеткирүүдөгү автордун позициясы, көркөмдүк ыкмалары, психологиялык аң-сезими, каармандын сөзүнүн жана ой жүгүртүүсүнүн калыс колдонулушун түзүү, чыгармачылык изденүүлөр сахналык аракеттердин гармониясы азыркы мезгилдин контекстинде бүгүнкү драматургиянын жаңы сыпаттарын айкындайт.

8. Драматургиядагы ар кандай тартыштар драма каармандарын кыйын абалдарга салып, адамгерчилик сапатын сынайт. Белгилүү максатка жетүү үчүн күрөштүн жүрүшүндө пьеса кейипкерлеринин нечен түрдүү мүнөздөрү ачылат. Оор психологиялык тартыштар, калыптанган стереотипти бузуу,

белгиленген алкактан чыгуу сыяктуу драматургияга таандык кырдаалдар Желтоксан темасындагы пьесаларга да негиз болгон.

9. Казак адабиятынын тарыхында өзгөчө орду бар Желтоксан темасынын негизинде түзүлгөн чыгармаларда бир доордун ачуу чындыгы көркөм чагылдырылып, казак акын-жазуучулар адабияттын бардык жанрларында Желтоксан трагедиясынын себептери, натыйжаларын жогорку деңгээлде көркөм транформациялаган.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ ТӨМӨНКҮ ЭМГЕКТЕРДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛДЫ:

1. **Кожабаева, Д.А.** Омаров Т.К.Yazar Jalel Kettebek ve "Jeltoksan" Gerçeği / Жазушы Жәлел Кеттебек және Желтоқсан шындығы KAZAKELİ / ҚАЗАҚ ЕЛІ (Туркия) Yıl :4 Sayı: 16 (Ocak-Şubat-Mart 2020) 4-ші жыл. 16-шы сан (Қаңтар– ақпан –наурыз 2020) 43-47 бб. https://katead.org.tr/dergi.php?dergi_id=23

2.**Кожабаева, Д.А.** Омаров Қ., Аккузов А.А., Каирбекова У.С., Айтенов У.С. Есенғали Раушанов поэзиясы: шындық пен таным [Текст] / Д.Кожабаева // ВЕСТНИК КЫРГЫЗСТАНА *(Бишкек). – 2021. - №2(2). – 12-20-б.* https://elibrary.ru/item.asp?id=48334384

3. **Кожабаева, Д.А.** Жапбарова Г.А., Орынбетова Э.А., Айдарова А.А., Омаров Т. К. ҚАРАӨЗЕК ШАҚТЫҢ КӨРКЕМ ШЕЖІРЕСІ (Жазушы Нұржан Қуантайұлының «Қараөзек» романы туралы) [Текст] / Д.Кожабаева// ВЕСТНИК КЫРГЫЗСТАНА, №2 (2), 2021 (Бишкек). – 2021. - №2. – 20-29 б. https://elibrary.ru/item.asp?id=48334385

4. **Кожабаева, Д.А.** Омаров Т.К., Кашкинбаева З.Ж. Художественная реальность декабрьского восстания [Текст] / Д.Кожабаева // ВЕСТНИК КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМЕНИ И. АРАБАЕВА Киргизский государственный университет им. И. Арабаева (Бишкек) 2021 №3 https://elibrary.ru/item.asp?id=47373807

5. **Кожабаева, Д.А.** Омаров Т., Сапарбаева К., Кажиакбарова Р., Курбанов А. Асқар Алтайдың шығармашылық әлемі [Текст] / Кожабаева, Д.А.// Известия вузов Кыргызстана (Бишкек). – 2021 №5 – 59-263-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=48220875

6. **Кожабаева, Д.А.** Омаров Т.К Жалел Кеттебек прозасындағы мифтік сюжеттерің көркемдік қызметі[Текст] / Кожабаева, Д.А.// Известия вузов Кыргызстана (Бишкек). – 2021 №5 – 264-270-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=48220876

7. **Кожабаева, Д.А.** Омаров Т., Кажиакбарова Р., Сапарбаева К., Курбанов А. Қанат Әбілқайыр прозасындағы ақиқат пен аңыз [Текст] / Кожабаева, Д.А.// *Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана (Бишкек). – 2021. - №10. – 262-266-бб* https://elibrary.ru/item.asp?id=48318460

8. **Кожабаева, Д.А.** Орынбетова Э.А., Омаров Т., Укибасова К.А. «Өмірзая» немесе бодан қоғамның шынайы болмысы [Текст] / Д.Кожабаева// *Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана Учредители: ОО*

*"Общественная академия ученых Кыргызской Республики" (Бишкек). – 2019. - №8. – 267-271-бб* https://elibrary.ru/item.asp?id=48318461

9. **Кожабаева, Д.А.** Куланова С. Ш., Турсуманова Ф. Ж., Омаров Т. К. Шаханов шығармаларының көркемдік ерекшелігі [Текст] / Д.Кожабаева// ВЕСТНИК КЫРГЫЗСТАНА, №2 (2), 2021 (Бишкек). – 2021. - №2. – 60-68 б.

10. **Кожабаева, Д.А.** Artical decisions in the works of n. Kuantaiuly Сборник научных статей международной научно-практической конференции «Беркимбаевские чтения: современные педагогические тренды» в электронной версии. – Астана, 2023. file:///C:/Users/Admin/Downloads/%D0%96%D0%98%D0%9D%D0%90%D0%9A%20%D0%BE%D1%82%2020%20%D1%84%D0%B5%D0%B2%D1%80%D0%B0%D0%BB%D1%8F%20%D0%9F%D0%B0%D1%82%D1%82%D0%B5%D0%B5%D0%B2%D0%B0.pdf

11. **Кожабаева Д.А**. «ҰЯЛАСТАР» ҰЛАҒАТЫ немесе бүгінгі романның әлеуметтік жүгі (Әділбек Ыбырайымұлының «Ұяластар» романы туралы). «ЖАҢА ӘЛЕМДЕГІ ЖАҢА ҚАЗАҚСТАННЫҢ ҒЫЛЫМИ ЖЕТІСТІКТЕРІ» атты халықаралық ғылыми-практикалық конференциясының ғылыми мақалалар жинағы 848-853 бб. Шымкент-Стамбул 2023 жыл https://drive.google.com/drive/folders/1oT0ZtwJUxuVlfo0ncYy2Uaj5a2LRQjn7?usp=drive_link

12. **Кожабаева Д.А**., Белгибаева Г.А., Базарбекова Н.Ш. Желтоксон темасында жазылган драмалык чыгармалардагы күрөштүн улуттук жана социалдык мүнөзү https://ilim.naskr.kg/index.php/main/issue/view/45/47

13. **Кожабаева Д.А**., Жанысбекова Г.А., Базарбекова Н.Ш. Желтоксан көтөрүлүшү темасынын изилденүү деңгээли https://ilim.naskr.kg/index.php/main/issue/view/45/47

**Кожабаева Динара Абылай кызынын 10.01.03 – чет элдер адабияты (казак адабияты) адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Казак адабиятында Желтоксан окуясынын көркөм сүрөттөлүшү» аттуу темадагы диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр**: акындар, драма, жазуучулар, Желтоксан окуясы, желтоксанчы акын, көркөм сүрөттөө, күрөшкерлик дух, мекенчилдик, поэзия, проза, реалдуулук, эгемендик. ж.б.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп 1986-2024-жылдар аралыгында Желтоксан темасында жазылган лирикалык ырлар, поэмалар, аңгемелер, повесттер, романдар, драмалык чыгармалар саналат.

**Изилдөөнүн предмети**. Желтоксан жөнүндө жазылган чыгармалардын жалпы мазмуну жана формалык өзгөчөлүктөрү, ар түрдүү жанрлардын жана түрлөрдүн талабына ылайык жазылган жалпы образдар, чагылдыруу предметтери, жалпы көркөм чечимдер, сюжеттик чыгармалардагы конфликт, кырдаал, типологиялык өзгөчөлүктөрү жана каармандын жеке өзгөчөлүктөрү; сюжеттик-композициялык жана лингвистикалык жалпы мүнөздөмөлөр жана белгилер, ар бир жанрга жана жанр түрүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөр.

**Изилдөөнүн максаты.** 1986-жылдагы Желтоксан окуясына арналган адабий-көркөм чыгармаларды топтоп, алардын жанрдык, көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн баамдоо, акын-жазуучулардын турмуш чындыгын көркөм чыгармага айландырудагы чыгармачылык изденүүлөрүн ажыратып талдап-изилдөө диссертациялык иштин максатын түзөт.

**Изилдөөнүн методдору**: Ишти жазууда, маданий-тарыхый, салыштырма-тарыхый метод, социалдык метод, адабий герменевтика, аксиологиялык методдор колдонулду. Аксиологиялык метод чыгарманын көркөмдүк деңгээли жана нарк потенциалы, улуттук жана жалпы адамзаттык руханий артыкчылыктарга багыт алуу сыяктуу критерийлерди камтыгандыктан, Желтоксан темасындагы бардык жанрдагы чыгармаларды талдоодо эң ылайыктуу ыкма болуп саналат.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңычылдыгы**: Диссертациялык иште азыркы эгемендүү казак элинин тарыхый шарты 1986-жылдагы Желтоксан көтөрүлүшүнүн адабияттагы көркөм чагылдырылышы, анын таанымдык мааниси, аны чагылдыруунун салттуу улануусу, жанрдык өзгөчөлүктөрүнө таандык көркөмдүк ыкмалары, улуттук аң-сезимди ойготуудагы маңызы илимий изилдөө талаптарынын негизинде алгач ирет системалаштырылып, иликтөөгө алынып жатат.

**Изилдөөнүн колдонуу чөйрөсү жана сунуштар.** Изилдөө ишинин натыйжаларын жогорку окуу жайларында адабият теориясы менен адабият тарыхы, эгемендик доор адабияты курстарын окутууда, ошондой эле университеттерде элективдүү курс катары сунуштоого болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Кожабаевой Динары Абылай кызы «Художественное воплощение Декабрьских событий в казахской литературе» представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.03 – литература стран зарубежья (казахская литература)**

**Ключевые слова**: казахская литература, повесть Желтоксана, поэты и писатели, поэты-Желтоксана, поэзия, проза, драматургия.

**Объект исследования**: Произведения в жанрах поэзии, прозы, драматургии, критики, творческие и биографические сведения, мемуары, написанные на тему Желтоксана.

**Предметом исследования** является художественная специфика произведений, написанных на тему Желтоксана, их мотивная структура, сюжетно-композиционные и жанрово-стилистические особенности, отраженные в них хронотоп и концепция патриотизма.

**Цель исследования**: собрать литературно-художественные произведения, посвященные восстанию в декабре 1986 года, выявить их жанровые и художественные особенности, проанализировать и изучить творческие искания поэтов и писателей по преобразованию жизненной реальности в художественную реальность.

**Методы исследования**: При написании диссертации использовались культурно-исторический, сравнительно-исторический метод, социальный метод, литературная герменевтика, аксиологические методы. Поскольку аксиологический метод включает в себя такие критерии, как художественный уровень и ценностный потенциал произведения, ориентация на национальные и общечеловеческие духовные блага, он является наиболее подходящим методом при анализе произведений всех жанров на тему Желтоксана.

**Результаты и научная новизна исследования**: Впервые на основе требований научного исследования обосновываются и обсуждаются художественное воплощение восстания Желтоксана 1986 года в литературе, его познавательная значимость, традиционное продолжение его прославления, художественные приемы, присущие особенностям жанра, его значение в пробуждении национального самосознания.

**Рекомендации по использованию результатов диссертации**: могут быть использованы при преподавании курсов теории и истории литературы, литературы периода независимости в высших учебных заведениях. Результаты исследования могут быть использованы в высших учебных заведениях при преподавании курсов по теории литературы и истории литературы, а также литературы периода независимости. Его также можно преподавать в качестве факультативного курса в университетах. Имеются возможности использования диссертации в качестве учебного пособия.

## SUMMARY

**of dissertation of Kozhabayeva Dinara Abylaikyzy «Artistic embodiment of the December events in Kazakh literature» submitted for the degree of candidate of Philology in the specialty 10.01. 03 – foreign literature (Kazakh literature)**

**Key words:** December events, drama, poets-writers, Zheltoksan poets, Kazakh literature, poetry, prose.

**The object of research:** works of poetry, prose, drama written on the theme of the December events, reviews, creative biographical data, memoirs.

**The subject of research:** is the artistic specifics of the works written on the subject of Zheltoksan, their motif structure, plot-compositional and genre-stylistic features, chronotope and the concept of patriotism reflected in them.

**The aim of research:** to collect literary and artistic works dedicated to the December event of 1986, to evaluate their genre and artistic features, to differentiate and analyze the creative quests of poets and writers in transforming the reality of life into artistic reality.

**Research method:** When writing the dissertation, an integrated approach was used using methods of differentiation, comparison, analysis, systematization and narration

**Scientific innovation:** are being systematized and for the first time, from the point of view of scientific research requirements, the historical background of the current sovereign country, the artistic embodiment of the December uprising of 1986 in Kazakh literature are introduced, its educational value and continuity are highlighted traditions of its chanting, artistic techniques are analyzed according to genre characteristics, and the significance in the awakening of national self-awareness is noted.

**Application recommendations:** the conclusions and conclusions of this work can be used in teaching the theory and history of literature, literature of the independence era in higher educational institutions. The results of research work can be used in the process of teaching the theory of literature, history of literature, literature of the period of independence in higher educational institutions. It can also be offered as an elective course in universities. There are opportunities to use the dissertation work as a teaching aid.